КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXVI сессиясы**

**Токтом № 169**

Сүлүктү шаары 26-апрель 2024-ж.

**Баткен облусунун өнүктүрүү фондуна сунушталган "Сүлүктү шаарындагы тигүү цехине жабдыктарды сатып алуу жана орнотуу" долбооруна өздүк салым 500 000 миң сом акча каражатын жергиликтүү бюджеттен бөлүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын мэриясынын 25.04.2024ж. №01-7/988 сандуу Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинин иш чарасынын планын өзгөртүп Баткен облусунун өнүктүрүү фондуна сунушталган "Сүлүктү шаарындагы тигүү цехине жабдыктарды сатып алуу жана орнотуу" долбооруна өздүк салым 500 000 миң сом акча каражатын бөлүүгө макулдук берүү жөнүндөгү каты боюнча шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34 беренелеринин негизинде шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинин иш планын өзгөртүп Товарная көчөсүнүн борбордук аянтчасына асфальт төшөөгө бөлүнгөн 1000000 сом акча каражатынан Баткен облусунун өнүктүрүү фондуна сунушталган "Сүлүктү шаарындагы тигүү цехине жабдыктарды сатып алуу жана орнотуу" долбооруна өздүк салым 500 000 миң сом акча каражатын бөлүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: М.А.Кутбидинов